ГОСУДАРСТВЕННАЯ СИСТЕМА ЭЛЕКТРОННЫХ СООБЩЕНИЙ

| | |
|---|---|
| ФИО: | НАСИРДИНОВ РАСУЛ ТОЛОНОВИЧ |
| ПИН: | [redacted] |
| Адрес: | Кыргызская Республика, Таласская обл., Айтматовский р-н, Шекерский а/а, с. Кек-Сай, переулок Боконбаев, дом [redacted] |
| Электронная почта: | [redacted] |
| Номер телефона: | [redacted] |

---

| | |
|---|---|
| Тема сообщения: | мыйзам бузуулар жөнүндө |
| Тип сообщения: | Жалоба |

Текст сообщения:

Кыргыз Республикасынын Президентинин администрациясына Насирдинов Расул Толоновичтен дареги:Талас облусу, Айтматов району, Көк-Сай айылы, Бөкөнбаев көчөсү үй №9 Арыз Мен 2024-жылдын 19-ноябрында төмөнкү мазмундагы арыз менен Айтматов аймактык шайлоо комиссиясына кайрылгам. 2024-жылдын 06-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Нуркожоевич Жапаров "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлиндеги административдик-аймактык бирдиктер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 42-беренесинин 3-бөлүгүн, "Административдик-аймактык реформанын алкагында Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 15-беренесинин 2-бөлүгүн ишке ашыруу максатында, кайра уюштурууга алып келген тиешелүү аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшүнө, ошондой эле Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 70-беренесинин 2-бөлүгүнүн 3-пунктун, "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 48-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алуу менен № 256 жарлык кабыл алган. Жогоруда көрсөтүлгөн жарлык менен Кыргыз Республикасынын Бишкек жана Ош шаарларынын, ошондой эле Баткен, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Нарын, Ош, Талас жана Чүй облустарынын жергиликтүү кеңештери таркатылып, калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо округдарынын схемаларын жана чек араларын түзүүдө зарыл болгон чараларды көрүү жана шайлоо комиссияларына көмөк көрсөтсөтүү милдеттендирилген. 2024-жылдын

Документ подписан электронной подписью
Государственного портала электронных услуг
Дата подписи:2024-11-19

17-ноябрында Талас облусунун Айтматов районунун Көк-Сай жана Арчагул айылыдарында Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын талаптарын массалык түрдө, жүз пайыз шайлоочулардын укугун бузуу менен, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарына таасирин тийгизген шайлоо өткөрүлдү. Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузуулар төмөнкү фактылар менен далилденет деп эсептейм: Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптары өзгөртүлүп, бул өзгөртүүлөргө ылайык шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен, ереже катары, 15 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 20 пайыздан ашпаган жол берилген четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлигин сактоо каралган, ал эми Көк-Сай айылы эки шайлоо округуна мыйзамдын талаптарын бузуу менен туура эмес бөлүнүп калган, Арчагул, Көк-Сай айылдары бири-бирине чектеш жайгашкандыктан бул айылдарга эки эле округ ачылып, депутаттыка койгон кандидаттардын арасынан он бир талапкерге эки участкадан добуш бериши керек эле. Айтматов районунун Арчагул округунда 1027 шайлоочу бар экен, ал эми Көк-Сайдын Арчагул менен чектешкен шайлоо округунда 1480 шайлоочу бар, демек эки округдун шайлоочуларынын санынын айрымасы 453 киши болгондуктан округдагы шайлоочулардын санынын айрымасы 15 пайыздан дагы, 20 пайыздан дагы көп. Эки айыл чектеш болуп бири-бирине тийип тургандыктан сырттан келген киши Көк-Сай жактан келе жатканда Арчагул деген жазууну көрбөсө бир айыл экен деп ойлойт. Эки айылдын шайлоочуларынын саны биригип 3956 шайлоочу болмок жана эки округ болуп бөлүнсө, бир округ беш мандатка ээ болуп, экинчи округ алты мандатка ээ болмок. Шекер айылы Көк-Сайдан чамасы беш километрдей, ал эми Кайнар айылы болжолу үч киллометрден алыс тургандыктан, ал айылдардагы 15 же 20 пайыздык шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеми жөнүндө доомат айта албаймын. Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 10-беренесинин 2-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптарына ылайык шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен, ереже катары, 15 пайыздан ашпаган, жол берилген четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлигин сактоо талабы аткарылбай калгандыктан Арчагул айылындагы шайлоочулар Көк-Сай айылынан чыккан талапкерлерге, ал эми Көк-Сай айылынын шайлоочулары Арчагул айылынан чыккан талапкерлерге добуш берүү мыйзамдуу укугунан ажырап калды. Көк-Сай айылынан чыккан эркек талапкерлер аял талапкерлерден көп добуш алса дагы, Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын округдарга бөлүү талабы бузулгандыктан, ушул эле мыйзамдын 59 беренесинин талаптары туура эмес колдонулуп, Көк-Сай айылынан төрт аял талапкер депутаттыкка оңой эле шайланууга мүмкүнчүлүк алгандыктан, шайлоочулардын көпчүлүк бөлүгү шайлоого барбай койду. Жогоруда баяндалгандын негизинде, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 06-сентябрындагы № 256 жарлыгынын 7-пункутунун жана Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 38-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптарын жетекчиликке алуу менен, төмөнкүлөрдү суранам: 2024-жылдын 17-ноябрында Талас

Документ подписан электронной подписью
Государственного портала электронных услуг
Дата подписи:2024-11-19

облусунун Айтматов районунун Көк-Сай жана Арчагул айылыдарында өткөрүлгөн жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону жараксыз деп табып берүүнү, Талас облусунун Айтматов районунун Көк-Сай жана Арчагул айылыдарында жайгашкан Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 38-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптарына жооп берген шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлигин сактоо талаптарына жооп бербеген үч шайлоо округдарын жоюуну, Талас облусунун Айтматов районунун Көк-Сай жана Арчагул айылыдарында Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 38-беренесинин 5-бөлүгүнүн 2-пунктунун талаптарына жооп берген шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлигин сактоо менен эки шайлоо округун түзүүнү, Талас облусунун Айтматов районунун Көк-Сай жана Арчагул айылыдарында жаңы түзүлгөн округдарда кайрадан жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүнү. Бирок Айтматов аймактык шайлоо комиссиясы мыйзамсыз өткөн шайлоонун жокко чыгаруунун ордуна жергиликтүү башкаруу органдарына күнөөнү артып, шайлоо мыйзамдуу өттү деп жаза албай, мыйзам бузуу менен өткөрүлгөн шайлоону жокко чыгарууга аракет кылбай отурат. Ал эми Айтматов райондук прокуратурасы бул мыйзам бузууларды четтетүү боюнча иш алып бармак турсун, прокурордук көзөмөл жүргүзгөн эмес. Жогоруда баяндалгандын негизинде, Айтматов аймактык шайлоо комиссиясына Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө мыйзамынын 38-беренесин 5-бөлүгүнүн 3-пунктунун талаптарын бузууларды четтетүү боюнча иш алып барууну суранам. Р.Т. Насирдинов 19.11.2024 ж.

Выберите метод отправки уведомления о статусе сообщения:

- ☑ Получить уведомление по статусу сообщения на телефон
- ☐ Получить уведомление по статусу сообщения на электронную почту
- ☐ Получить уведомление по статусу сообщения на Telegram

| | |
|---|---|
| Наименование государственного органа, в который направляется сообщение: | Администрация Президента Кыргызской Республики |
| Уникальный номер сообщения: | № 383747297 |
| Дата отправки заявки: | 19-11-2024 года |
| Время отправки заявки: | 19:02:54 |

Документ подписан электронной подписью
Государственного портала электронных услуг
Дата подписи:2024-11-19